# Аллах Таала кээ бир амалдарды парз кылган, аларды аткарбай койбогула! Чектерди койгон, андан ашып кетпегиле! Кээ бир нерселерди арам кылган, аларга кирип кетпегиле! Кээ бир нерселерде унутуп эмес, силерге ырайым кылып унчуккан эмес. Аларды изилдебегиле!

Абу Саълаба Хушани Журсум бин Нашир (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аллах Таала кээ бир амалдарды парз кылган, аларды аткарбай койбогула! Чектерди койгон, андан ашып кетпегиле! Кээ бир нерселерди арам кылган, аларга кирип кетпегиле! Кээ бир нерселерде унутуп эмес, силерге ырайым кылып унчуккан эмес. Аларды изилдебегиле!"

[قال النووي: حديث حسن] [رواه الدارقطني في سننه وغيره]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтат: Аллах Таала кээ бир иштерди аткарууну милдет парз кылган, мындай иштерди жеңил санап, же кайдыгерлик кылып аткарбай койбогула. Ал силерге чектерди белгилеп, эскертүүлөрдү берди, алар силерди Аллах ыраазы болбой турган иштерден тосуп, эскертип турат. Шарият буйругандан ашыкча кылып кошуп жибербегиле. Арамдарды ачык баяндады, ага жакындабагыла. Андан башка нерселерди пенделерине ырайым кылып, унчукпай калтырып койгон. Алар ошол мубах боюнча кала берет, аларды тереңдеп изилдебегиле.

https://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/66510